| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br><br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**КОЧКОРБАЕВ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**КОЧКОРБАЕВСКИЙ**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ № 5/ III-27

28. 02. 2017-жыл Кенеш айылы

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү максатында аукцион өткөрүү үчүн комиссиянын курамын түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен жактырылган Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү Жобого ылайык
Кочкорбаев айылдык кенеши

**Токтом кылат:**

1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү максатында аукцион өткөрүү үчүн комиссиянын курамы түзүлсүн жана бекитилсин:
   1. Изатов Тасин -Кочкорбаев айылдык кенешинин депутаты
   2. Карагулаков Мирлан – Кочкорбаев айылдык кенешинин депутаты
   3. Ниязов Керим - Кочкорбаев айылдык кенешинин депутаты
   4. Керимкулов Эркинбек –Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы
   5. Адиков Санжыр - жер боюнча жетектөөчү адис
   6. Исаков Турат- айыл башчысы
   7. Абдыракманова Атыркуль – жооптуу катчы

2. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин берүү өлчөмү: жеке жактар үчүн: сугат жер- 25 га чейин, кайрак жер -50 га чейин, ал эми юридикалык жактарга сугат жер -50 га чейин, кайрак жер - 100 га чейин болуп бекитилсин.

3. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн баштапкы баасы сугат жердин 1 гектарына -1000 (миң), кайрак жердин 1 гектарына -200 (эки жүз) сом жана көп жылдык өсүмдүктөр үчүн 1 гектарына -300 (үч жүз) бекитилсин.